DOI: 10.33942/sititpr202256 **УДК: 37.02(575.2) (043.3)**

# ЧЕТ ЭЛДИК СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН ЛИНГВОДИДАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ ТУУРАЛУУ

**Джалилова Б.Т.**
*ЭМУ, Табигый-гуманитардык илимдер кафедрасы, baktikand7@gmail.com*

***Аннотация:*** *Кыргызстанда чет өлкөлүк студенттер үчүн кыргыз тилин үйрөнүүгө чоң маани берилип, алар үчүн окуу программалары аныкталып, окуу китептери басылып чыгып, ЖОЖдордо кыргыз тили окутулууда. Практикада окутуучулар өз ойлорун оозеки сүйлөөдө гана эмес, жазуу жүзүндө да көрсөтүүнүн төмөнкү деңгээлинен келип чыккан көйгөйлөргө туш болушат. Макаланын автору чет элдик студенттерге кыргыз тилин үйрөтүү маселелерине токтолгон. Тил багытындагы эмес факультеттердин студенттерине кепти үйрөтүүнүн негизи катары университеттин аудиторияларында кыргыз тилин натыйжалуу окутуунун этап-этабы менен жолдорун жана методдорун көрсөтүүгө мүмкүндүк берген билим берүүнүн лингводидактикалык негиздерин колдонуу зарыл.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *лингводидактика, диалект, усул, орток тил, педагогика, салыштырып окутуу, тилдик компетенция.*

# О ЛИНГВОДИДАКТИЧЕСКИХ ОСНОВАХ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ ДЛЯ ИНОСТРАННЫХ СТУДЕНТОВ

**Джалилова Б.Т.**
*Международный медицинский университет Кыргызской Республики, Кафедра естественно-гуманитарных наук, baktikand7@gmail.com*

***Аннотация:*** *В Кыргызстане важное значение придается изучению кыргызского языка для иностранных студентов, для чего определены программы обучения, изданы учебники, ведется обучение в вузах кыргызскому языку. На практике преподаватели сталкиваются с проблемами, которые основываются на слабом умении выражать свои мысли не только в устной речи, но и в письменной. Автор статьи затронула вопросы обучения иностранных студентов кыргызскому языку. В основу обучения речи студентов неязыковых факультетов необходимо использовать лингводидактические основы обучения, которые позволяют наметить поэтапные пути и методы эффективного обучения кыргызскому языку в аудиториях вуза.*

***Ключевые слова:*** *лингводидактика, диалект, методика, язык- посредник, педагогика, сравнительное обучение, языковая компетенция.*

# ON LINGUODIDACTIC FOUNDATIONS OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE FOR FOREIGN STUDENTS

**Jalilova B.T.**
*International Medical University of the Kyrgyz Republic, Department of Natural Sciences and Humanities, baktikand7@gmail.com*

***Abstract:*** *In Kyrgyzstan, great importance is attached to the study of the Kyrgyz language for foreign students, for which training programs have been defined, textbooks have been published, and the Kyrgyz language is being taught at universities. In practice, teachers face problems that are based on a poor ability to express their thoughts not only in oral speech, but also in writing. The author of the article touched upon the issues of teaching foreign students the Kyrgyz language. The basis for teaching speech to students of non-linguistic faculties, it is necessary to use linguodidactic*

*foundations of education, which allow you to outline step-by-step ways and methods for effectively teaching the Kyrgyz language in the classrooms of the university.*

***Key words**: linguodidactics, dialect, methodology, intermediary language, pedagogy, comparative education, language competence.*

**Киришүү.** Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасында дидактикага көңүл буруу өзгөчө маанилүү роль ойнойт. Дидактикалык даярдыктын бир бутагы тил үйрөтүүдө жаңы технологияларды колдоно билүү жаатында иш алып баруу болуп саналат. Жогорку окуу жайдын чет өлкөдөн келген студенттерине дидактикалык билимдерге, көндүмдөргө, билгичтиктерге үйрөтүүдө, аларды окутуунун жаңы технологиялары менен куралдандыруу зарыл [1].

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасын өнүктүрүүнүн азыркы этабы тилдик билим берүүнүн олуттуу жаңыланышы менен мүнөздөлөт. Илимий-методикалык жана теориялык булактарда тил компетенциясынын лингводидактикалык негиздерин талдоо билим берүү тармагында компетенттүүлүк мамилелердин эң негизгиси экендигин көрсөтөт. Тилдик компетенттүүлүк түшүнүгү бул – тилдин грамматикасынын түшүнүктөр системасы. Алар адамга, анын төрөлгөнүнөн баштап, б.а. тажрыйбасына, ага мүнөздүү жашоо чөйрөсүнө ж.б. карабастан, биологиялык түр катары адамга тиешеси бар. Адам бала кезинен баштап сөз байлыгы күн сайын толукталып, дүйнө таанымы кеңейип, сүйлөө жөндөмдүүлүгү пайда болот.

Билим берүүнүн заманбап шарттарында окутуу теориясында тил компетенттүүлүгүнүн өнүгүшүн талдоо көрсөткөндөй, бул термин билимдердин, көндүмдөрдүн жыйындысын билдирет, аларга ээ болуу үйрөнүлүп жаткан тилде турмуштун түрдүү чөйрөлөрүндө адабий нормаларга ылайык сүйлөө жөндөмүн көрсөтөт, ошондой эле тил жөндөмдүүлүгүнүн өсүшүнө жардам берет. Бул билим баштапкы түзүлүштү өзгөртүү аркылуу сүйлөм түзүлүштөрүнүн бардык түрлөрүнүн пайда болушун болжолдойт, ошондой эле сүйлөмдүн өзүндөгү жана алардын ортосундагы грамматикалык байланыштар жөнүндө кабарлайт. Заманбап талаптарга ылайык, тил үйрөнүүнүн максаты лингвистикалык гана эмес, коммуникативдик компетенцияны калыптандыруу болуп саналат.

Илимий изилдөөдө коммуникативдик компетенттүүлүктүн курамына байланыштуу көптөгөн теориялар бар. Ошентип, орус изилдөөчүлөрү И.Л.Бим, И.А.Зимняя, А.М.Новиков, И.Р.Максимова, А.В. Хуторской жана дагы алыскы чет өлкөлүк окумуштуулар Д.Хаймз, А. Холидей, Ян ван Эк ж.б. дидактика менен методологияда коммуникативдик компетенттүүлүктүн компоненттүү курамын жана түзүмүн изилдешкен.

**Изилдөөнүн негиздери.** Окутуунун технологиясынын негизи катары компетенттүүлүктүн түзүлүшү менен байланышкан түрдүү ыкмаларды жалпылоонун натыйжасында төмөнкүдөй бөлүштүрүүлөрдү алдык:

1.Лингвистикалык (лексика, фонетика, орфография) грамматикалык эрежелер, лексика бирдиктери жана фонология жөнүндө системалуу окутуу; 2. Дискурсивдүү (оозеки жана жазма текстти редакциялоо) үйрөнүү процессинде оозеки жана жазуу жүзүндөгү функционалдык стилдерди түзө билүү, тексттин ар кандай түрлөрүн түшүнүүгө негизделген логикалык биримдик, тилдик каражаттардын сүйлөө түрүнө ылайык тандоо; 3.Прагматикалык (максатка ийгиликтүү жетүү үчүн); 4.Стратегиялык (коммуникациялык кыйынчылыктарды жеңүү); 5.Социалдык-маданий (социалдык-маданий нормаларга дал келиши), анда эне тилинде сүйлөгөн адамдын маданий өзгөчөлүктөрү, алардын каада-салттары жана үрп-адаттары, жүрүм-туруму, баарлашуу процессинде тарбиялоонун нормалары каралат. А.Г.Бермус, Н.Ф.Ефремова, И.А.Зимняя негизги компетенцияларды аныктоодо психологиялык кесипкөйлүктү калыптандырууну тизмеге киргизишкен. Азыркы учурда кесиптик ишмердүүлүктүн структураларынын бири болгон психологиялык компетенттүүлүк түшүнүгүнүн бирдиктүү аныктамасы жок.

Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда коммуникативдик компетенциясын калыптандыруу көйгөйлөрү К.А.Биялиевдин “Кыргыз тилин экинчи тил катары коммуникативдик багытта окутуунун методикасынын негиздери” доктордук диссертациясында изилденген. Кыргыз тилин чет тили катары окутуу процессинде компетенцияларды калыптандыруу методикасы А.Т.Жаманкулованын “Кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксисин окутуу процессинде ЖОЖдун студенттеринин (орус тилдүү топтордогу башталгычтар үчүн) кебинин өнүгүүсү” диссертациясында каралган.

Ал эми кыргыз тилин экинчи тил катары компетенттүүлүк негизде окутуунун методологиясы дагы эле анын ар кандай аспектилери боюнча илимий изилдөөлөрдү талап кылат. Айрыкча студенттердин – болочок юристтердин тилдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери азырынча аныктала элек. Илимий-методикалык адабияттарды талдоо жана окутуунун практикасы көрсөткөндөй ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасы, билим берүү жана ченемдик укуктук база дагы жаңыланууну талап кылат. Мамлекеттик стандарттар, окуу китептери, окуу программалары жаңы шарттарга жана талаптарга жараша  кайра карап чыгууга муктаж. Дүйнөдө билим берүүнүн эки баскычтуу системасында болуп жаткан өзгөрүүлөр, кредиттик технологияга негизделген Кыргызстандын билим берүү стандарттарына, анын ичинде “Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу методикасы» дисциплинасына таасирин тийгизди. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасында үч ыкманы бөлүп көрсөтүшөт:

1) которуу (салыштыруу) ыкмасы;

2) табигый ыкма (ортомчу тилсиз);
3) аралаш ыкма.

И.С. Якиманскаянын пикири боюнча психологиялык компетенттүүлүк – психологиядагы билимдердин, жөндөмдүн жана көндүмдөрдүн жыйындысы; мугалимдин кесиптик ишмердигинде психологиянын ролуна карата позициянын тактыгы; психологиялык билимди иште колдоно билүүсү; баланын жүрүм-турумунун артында анын абалын көрө билүү жөндөмү, таанып-билүү процесстеринин өнүгүү деңгээлин, эмоционалдык-эрктүү чөйрөсүн, мүнөздүн өзгөчөлүктөрүн, багытын табуу жөндөмү, бала жана балдар тобу менен болгон мамиледе психологиялык кырдаалды баалоо жана пикир алышуунун рационалдуу жолун тандоо жөндөмү (И.С. Якиманская, 2000-ж.).

Өз ара мамилелерди куруунун жолдорун таба билүү, 16 жашында ар кандай психологиялык кырдаалдарда жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алуу үчүн психологиялык маалыматты жеке мотивациянын планына киргизүү зарыл. Демек, “психологиялык компетенттүүлүк” өзүнө кесиптик жана ишкердик компонентти, адамдын психологиялык маалыматты кабыл алуу жана колдонуу жөндөмүн камтыйт.

Заманбап мектептин мугалими класста окуу процессин мүмкүн болушунча мыкты уюштуруу үчүн окуу иш-аракетинин мотивдерин классификациялоо жөнүндө маалыматка ээ болушу керек. Мындан тышкары, мугалим ар бир окуучунун мектептеги мотивациясынын деңгээлин аныктоо үчүн диагностика жүргүзүүсү керек [2].

ЖОЖдордо кыргыз тили экинчи тил катары окутуунун концепциясынын мазмунун жана технологиясын жаңылоо мамлекеттик стандарттын жана мыйзамдардын талаптарына жана аныктамаларына ылайык Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” (2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92) жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” (2004-жылдын 2-апрелиндеги № 54) билим берүүнү жакшыртуу, сапатын жогорулатуу жана компетенттүүлүккө негизделген билим берүү стратегиялык мааниге ээ багытындагы “Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн улуттук программасына жана 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында тил саясатын өркүндөтүү” Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген (2 июнь, 2014-жыл, № 119) мыйзамдарына ылайык ишке ашырылышы керек.

Университетте окуу процесси жана аны жакшыртуунун натыйжалуу жолдору түздөн-түз студенттердин мотивациясынан көз каранды. Мотивдер материалды үйрөнүү жана өздөштүрүү процессинин кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Окуу мотивациясы – бул инсандын окуунун өзүнчө предметине да, бүткүл билим берүү процессине болгон мамилесин өзгөртүүнүн бир топ татаал жана бүдөмүк процесси.

Ошол эле учурда окууга болгон мотивация инсандын өзгөчөлүктөрүнөн жана инсандын социалдык ролдорунан көз каранды [3].

Тажрыйба көрсөткөндөй, мугалим-студенттердин иш-аракетинин мотивациялык чөйрөсүнүн баш аламан калыптанышы менен, алардын көбүндө натыйжалуу окуу үчүн зарыл болгон мотивдер түзүлбөйт. Тактап айтканда мотивациясы жок мугалим окуучуларына мотивация бербейт. Демек, мектеп жана мугалимдер окуучулардын иш-аракетинин мотивациялык чөйрөсүн калыптандыруу процессин өз көзөмөлүнө алышы керек [4].

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. ***Сыдыкбаева М. М., Джалилова Б. Т.*** *Пакистандык студенттерге кыргыз тилин урду тили менен салыштырып окутуунун дидиктикалык негиздери// Наука и инновационные технологии. №2/2020 (15)- Бишкек,2020,-С.181-186*
2. ***Рыспаева Ч. К.*** *Связь психолого-педагогического сопровождения и информационных технологий в диагностике учебной мотивации// Наука и инновационные технологии. №4/2018 (9)- Бишкек,2018,-С.213-217*
3. ***Рыспаева Ч. К.*** *Учебная мотивация студентов как психолого- педагогическая проблема// Наука и инновационные технологии. №2/2020 (15)- Бишкек,2020,-С.165-173*
4. ***Рыспаева Ч. К.*** *Факторы формирования мотивации учебной деятельности у младших школьников// Международный академический журнал «Webofscholar». №6(15), Киев,2017,-С.71-74*
5. ***Баранников А.П.*** *Хиндустани (урду и хинди);Ленинградский восточный институт 1934;с.4-7*
6. ***Белокреницкий В. Я., Москаленко В. Н.*** *История Пакистана. XX век. — М. : Крафт, 2008.*
7. ***Дымшиц З. М.,*** *Язык урду, М., 1962;*
8. ***Зограф Г. А.,*** *Языки Индии, Пакистана, Цейлона и Непала, М., 1960;*
9. ***Зограф Г. А.,*** *Хиндустани на рубеже XVIII и XIX вв., М., 1961;*
10. ***Сыдыкбаева М.М.*** */ Кыргыз тилин ЖОЖдордо экинчи тил катары окутуунун лингводидактикалык негиздер /Монография. Б; 2016, 238 б.*


Рецензент: к.п.н. Рыспаева Ч.К.
22.04.2022г.